| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>МАНАС<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МАНАССКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын “29” июну №17**

**Милиция бөлүмүн курууга жер тилкесин берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 5,24 беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, укук тартибин сактоо, жарандардын кайрылууларына ыкчам жооп берүү жана Манас айыл аймагында айылдык милиция бөлүмүн куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө кайрылууну карап чыгып, Манас айылдык кеңешинин 2026-жылдын 24-июлундагы №4 протоколунун негизинде, Манас айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Ак-Жол айылындагы Абай көчөсүндө жайгашкан № н/ж, аянты 386,0 чарчы метр болгон муниципалдык менчиктеги жер тилкесин айылдык милиция бөлүмүнүн имаратын курууга бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Манас айыл өкмөтүнүн жер адиси мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү жерге жайгаштыруу жана жер укуктарын тариздөө боюнча иштерди жүргүзүү тапшырылсын.

3.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүү жооптуу катчы А.М.Исаковага милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э.Мусурманкуловго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Р.Момунова**